КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 7- сессиясынын

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 10-апрель** **№** 39 **Ново-Вознесеновка айылы**

## Качыбек айылындагы айыл чарба категориясындагы №431, 434-контурлардагы 3,40 га жайыт жер тилкесин ошол эле категориядагы көп жылдык мөмө жемиш, бактар түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

Качыбек айылына караштуу айыл чарба категориясындагы №431, 434-контурлардагы 3,40 га жайыт жер тилкесин ошол эле категориядагы көп жылдык мөмө жемиш, бактар түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндөгү Жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп, Качыбек айылынын 2025-жылдын 28-мартындагы элдик жыйынынын чечимин карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11,13-беренелеринин негизинде жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагына караштуу Качыбек айылындагы айыл чарба категориясындагы №431, 434-контурлардагы 3,40 га жайыт жер тилкесин ошол эле категориядагы көп жылдык мөмө жемиш, бактар түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесин ошол эле категориядагы көп жылдык мөмө жемиш, бактар түрүнө которууга (трансформациялоого) байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**